А.Куттубаев атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

# Ата-энелер менен иштөөнүн иш планы

# Ата-энелер менен иштоонун ***максаты*** жана ***милдеттери:***

***Ата-эне - коруп турган козубуз,***
***Ата-эне - суйлоп турган созубуз.***
***Ата-эне - ай кунубуз кулкубуз,***
***Ата-эне - жашоо бакты мулкубуз.***

Окуучуларды окутууда жана тарбиялоодо мектеп менен ата-энелерди тыгыз байланышка тартуу.

Бекитемин

Мектеп директору А.М.Садырова

01. сентябрь 2022-окуу жылы

**Ата-энелер менен иш алып баруунун жылдык планы**

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Мөөнөтү | Жооптуулар | Күтүүлүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер комитетин тузуу жана иш чараларды иштеп чыгуу | Сентябрь | Мектеп админ. | Ата-энелер комитети түзүлөт. Иш чаралар иштелип чыгылат |
| 2 | Ата-энелер менен уч тараптуу келишимдерди тузуу | Сентябрь | Мектеп админ. Класс жет. | Ата-энелер менен келишим тузүлөт |
| 3 | Ата-энелер учун «Ачык эшик» жумалыгын жарыялоо | Октябрь | Мектеп админ. Предмет муг. | Ата-эне мектептин байланышы бекемделет |
| 4 | Аз камсыз болгон уй-булодогу окуучуларды колдоо | Дайыма | Ата-энелер комитети | Кам коруу кенешинин жардамы менен материалдык жардам көрсөтүлөт |
| 5 | Ата-энелер арасында кароо сынак «Менин балам окуган окуу классы». Ата-энелер менен бирдикте спорттук иш чараларды откоруу жана демоорчулук кылуу | Апрель | Мектеп админ. Ата-энелер ком. | Ата-эне мектептин байланышы бекемделет. Демөөрчүлөр көбөйөт. |
| 6 | «Билим беруу денгээли канаттандырабы?» Ата-энелер менен анкета жургузуу | Май | Мектеп админ.Ата-энелер комитети | Ата-энелердин көз караштары аныкталат. Жыйынтык чыгарылат |
| 7 | Ата-энелер менен бирдикте тунку рейдге чыгуу | Дайыма | Мектеп админ. Ата-энелер ком. | График боюнча рейд жүргүзүлөт |
| 8 | Ата-энелер арасында ар турдуу темадагы лекцияларды отуп туруу | Чогулуш сайын | Организатор Класс жет. | Чогулуш сайын ар түрдүү лекциялар, докладдар окулат |
| 9 | Окуучулардын эс алуусун уюштуруу | Каникул учурунда | Ата-энелер ком. | Каникул учурунда ок-дын убактылары туура пайдаланылат |

Тарбия бөлүмүнүн жетекчиси: М.Б.Бейшенбекова

Протокол №1
22.09.2021-жыл

**Каралуучу маселе:**

1.Зордук зомбулук деген эмне?

2. Окуучулардын китеп менен камсыз болушу.Мектепте китептин абалы.

3.Ата-энелер комитетин дайындоо.

**Катышкандар:** Окуу бөлүм башчысы: Кочербаева Ж.Д..
Тарбия бөлүм.башчысы: Бейшенбекова М.Б. мугалимдер жамааты жана ата-энелер.

Угулду: Окуу бөлүм башчысы Кочербаева Ж.Д. мектептеги окуучулар, мугалимдер жамааты тууралуу маалымат берип кетти.Окуучулардын билим сапатын которуу үчүн ата-энелердин сабактарына көңүл буруусу,сабактан себепсиз алып калбоого эскертилди. Балдардын билимине кош көңүл мамиле жасабоо айтылды.

1-маселе боюнча тарбия бөлүм.жетек Бейшенбекова М.Б. Ата-энелерге зордук зомбулук бугунку күндүн эң оор көйгөйү болуп жаткандыгын жана зордук зомбулуктун келип чыгышы жөнүндө жана анын түрлөрү жөнүндө кененирээк маалымат берди. Маалыматта зордук зомбулуктун түрлөрү,анын кесепети жөнүндө айтылып,зордук зомбулук видео слайд көрсөтүлдү.

2-маселе боюнча китепканачы Мурзакматова К.К. окуучулардын китеп менен камсыз болушу жөнүндө түшүндүрмө берди.5-6-класстарда арналган жаны китептер даяр эмес экендигин айтты.Эгер китептер келсе,ата-энелер ар бир китепке 25 сом (жыйырма беш) өлчөмүндө ижара төлөй тургандыгы айтылды.

Токтом кылынды:

1-маселе боюнча: Зордук-зомбулукту тыюу жана болтурбоо

2-маселе боюнча: Китепти таза сактоо жана оз балдарынын китептерин көзөмөлдөө милдеттендирилсин.

**Протокол №__1_**

А.Куттубаев атындагы жалпы орто

билим берүү мектеби

24-сентябрь 2022-жыл

Каралууучу маселе:

1. Кылмыштуулуктун алдын алуу
2. Зордук-зомбулукту алдын алуу
3. Суицидди алдын алуу

Катышкандар: Мектеп администрациясы, 8-10-классынын окуучулары.

1-маселе боюнча ИДН кызматкери Эшенов Б.С. азыркы мезгилде мектеп окуучуларынын арасында өзүнүн жанын кыюу фактылары көп катталып жатат. Биздин бардыгыбыздын бул жерге чогулуп жаткандыгыбыздын себеби ушунда. Мындай учурлар болбош үчүн алдын-алуу иштерин жүргүзүү жыйынтыктуу болот деп ойлойм. Ошондуктан ар бир класс жетекчи жана мугалимдер окуучунун психологиясына жараша мамиле жасашыбыз керек. Ал эми окуучулардын арасында социалдык абалы ар кандай окуучулар бар. Ошону мугалим байкай билип, ал балага өзгөчө көңүл буруп, жакшы сөздөр менен өзүнө тартуусу керек. Баланын жан дүйнөсүндө эмне болуп жаткандыгын билүү зарыл.Ар бир класстын окуучуларынын социалдык абалын тактап, мындай көрүнүштөрдүн болбошуна жол бербешибиз керек. «Тарбия башаты үйдөн башталат» дегендей мындай учурлардын болушу кээде үй-бүлөдөн да көз каранды болот.Ата-энелердин балдарынын жашоосуна көңүл кош мамилеси, материалдык каражаттарынын жетишсиздиги себеп болот.Ошондой эле балдардын арасындагы ар кандай чыр-чатактар да буга себеп болушу мүмкүн.Ошондуктан ата-энелер балдарына ар тараптан байкоо жүргүзүп, аларга аяр мамиле кылуунун негизинде иш алга жүрөт жана мындай көрүнүштөрдү жеңебиз.

Жашы жете элек балдар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу, аны ботурбоо, ага каршы күрөшүү бул бир гана мектеп, билим берүү бөлүмүнүн, же укук коргоо органдарынын гана милдети эмес. Бул баарыбыздын милдетибиз. Жаш өспүрүмдөрдүн тарбиясына өзгөчө маани берип, анын